# Мерсико Кыргызстан

13 февраля 2022 г.

Мектептерде ысык тамак берүүнүн жыйынтыктары кең экенин билесизби? Бул жөн гана курсак тойгузуу эмес!

Эгерде бала мектепте ачка болсо, анын үйрөнүшү, түшүнүшү, эстеп калышы жана өнүгүүсү кыйыныраак болот. Мектепте берилген тамак-аш ачкачылыкка, балдардын микроэлементтердин жетишсиздигине жана аз кандуулугуна каршы күрөшүп, алардын окуудагы жетишүүлөрүн илгерилетет!

Демек, балдардын физикалык, психикалык жана психосоциалдык өнүгүүсү үчүн мектептеги тамак-аш абдан маанилүү!

Мындан тышкары, мектеп тамактары ата-энелерди балдарын мектепке алып келүүгө үндөйт! Балдар мектепте тамактанганда, ата-энелер каржылык кыйынчылыктарын жеңе алышат, бул бүтүндөй өлкөнүн деңгээлиндеги социалдык-экономикалык өнүгүүгө алып келет.

Дал ушул себептер АКШнын Айыл чарба департаментинин МакГоверн-Доул «Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу» программасы Кыргызстандагы мектептерде тамактануу темасына өзгөчө көңүл бургандыгынын айрымдары гана!

Эскерте кетсек, 2017-жылдан бери программанын алкагында Кыргызстандагы 510 мектептин 110 миң окуучулары үчүн ысык тамак менен камсыздоого колдоо көрсөткөн.